## А.Коенкөзов атындагы №18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектебинин ата-энелер чогулушу

# Протокол №1

*06-сентябрь 2022-жыл* *Токтоян айылы*

***Чогулуштун темасы: "Мектеп, мугалим менен ата-эненин байланышы канчалык мааниге ээ?"***

***Каралуучу маселелер:***

***1.Мектеп окуучуларынын бирдей формада болуусу.***

***2. Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болуусу..***

***3.Окуучуларды Жалпы Республикалык Тестирлөөгө даярдоо***

***4. Ар кандай маселелер.***

***Угулду:***

*Жалпы мектептик ата-энелер чогулушун мектеп организатору Рыспаева А. ачып,ата-энелер президиумун шайлашты. Алар: Жапаркулова Г, Советбек кызы Р. Жалпы чогулушту башталгыч класстардын мугалимдери ата-энелерге "Мектеп,мугалим менен ата-эненин байланышы канчалык мааниге ээ ? " деген темада тренинг өтүштү. Тренингде мугалимдер ата-энелерге мектеп,мугалим менен ата-эненин мектеп менен канчалык тыгыз байланышта болоорун видео роликтер аркылуу, слайд аркылуу түшүндүрүп өтүштү.Бакалова Фарида эжей ата-энелерге балдарды тарбиялоонун ыкмалары менен тааныштырды.Ошондой эле Бекжанова Гүлзат сүрөт аркылуу балдарды тарбиялоонун ыкмалары менен тааныштырды. Андан тышкары ата-энелерге мугалимдер темага ылайыктуу суроолорду берип,жооп алышты.Тренинге ата-энелдер активдүү катышышты.*

***Андан сон 1- маселе боюнча сөз мектеп директору Муканбетова Э.Б берилди****.Ал сүйлөгөн өз сөзүндө 2021-2022- окуу жылындагы аткарылган иштерге анализ берип кыскача токтолуп өттү.Мектептин ички керектөөсүнө сарпталган акча каражаттарынын негизинде ата-энелер ортосунда ар кандай сунуш пикирлер айтылды.Андан тышкары окуучулардын окуудагы жетишкендиктери,тартип,тазалык маселелерине кенири токтолду.Окуучулардын кийип келуу формасы боюнча ата-энелердин ойлору да айтылып , ата-энелер да баары бир добуштан кара форма, ак фартук,кара шым – костюм, галстук кийип келүүлөрүн айтышты.*

*Андан тышкары Соц.педагог Эгембердиев Н.У жана организатор Рыспаева А.Б окуучулардын сабактан себепсиз калбоосу жана ар бир жуманын шаршемби куну РайИИМнин өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүнүн инспекторлору келерин жана тартип бузуулары болсо окуучу үч кун себепсиз сабактан калса ИДНге билдирүү болорун соц.педагог жана организатор ата-энелерге катуу эскертишти. Ар бир мугалимге өзүнө тиешелүү микраучастоктордогу окуучулардын ата-энелери менен аңгемелешүү ишин жүргүзуп турары айтылды.Класс жетекчи мугалим 8:00дон 13:00гө чейинки*

*убакытта баланын сабагына,өмүрүнө,тартибине, ден-соолугуна жооп берээри түшүндүрүлдү.Андан кийинки убакта ата-эне өзү көзөмөл кылуу керек.Ар бир окуучуга жана ата-энелерге жолдо жүрүү эрежелери,өрт коопсуздугу жана рэкетчилик,диний экстремизм боюнча түшүндүрүлдү. Кечкисин да көчөгө мугалимдер тарабынан рейд жүргүзүлүп турары жөнүндө айтылды.*

***2-маселе боюнча китепканачы Карабаева Г сүйлөдү**. Окуучулардын окуу китептери менен 98,2% камсыз болгондугун айтты. Ошондой эле 5-6-класстардын жаңы келген окуу китептерине ата-энелер көзөмөлдөп, жалпы китептерди калың жалтырак кленка менен тыштап,окуу китептеринин кармалышына да ата-энелер көзөмөл кылары айтылды.*

***3-маселе боюнча мектеп директору Муканбетова Э.Б** сөз сүйлөдү.Ал сүйлөгөн сөзүндө Жалпы Республикалык Тестирлөө боюнча ата-энелерге маалымат берди.Окуучулар жалпы республикалык тестирлөөдө берген жыйынтыктары жакшы болду.Себеби,мектептеги окуучулардын билимге болгон кызыгуусу жогору болгондугунун натыйжасынан жана кошумча СЕКОМ Билим Берүү Борборунан билим алгандыгынын натыйжасын жакшы деңгээлде көрсөтө алышты.Сабактан сырткаркы кошумча тапшырмаларды иштөөдө окуучулардын кызыгуусу көбүрөөк роль ойногондугу байкалып турат.Сапаттуу билим алуунун абдан зарыл болгондугу байкалган.Андан тышкары окуучулар мектепке уюлдук телефонду алып келбесин деген талап коюлду.Эгерде талап аткарылбаса, уюлдук телефонун окуу жылынын аягына чейин берилбей тургандыгы катуу эскертилди.Бул маселе боюнча ата-энелер бир ооздон макулдуктарын беришип,үйдөн балдарга көзөмөлдүк кылууну өз моюндарына алышты.Ата-энелер университети боюнча сапаттуу иш алып баруу жагы баса белгиленди.*

***Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу чечим кылат:***

*1.2021-2022-окуу жылынын окуу-тарбия процесси канааттандырарлык деп табылсын.Мектеп окуучулары томондогудой форма балдар кара шым костюм,ак көйнок,галстугу менен ал эми кыздар болсо форма ,ак фартугу менен келуусу кабыл алынсын;*

*2. 5-6- класстарда окуу китептеринин ижарага берүү боюнча документтер ата-энелерге тааныштырылсын;*

*3. Окуучуларды ЖРТгө даярдоо жагы предметтик мугалимдерге жүктөлсүн;*

*4.Окуучулардын мектепке уюлдук телефон алып келбөөсүнө көзөмөл кылуу жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.*

## А.Коенкөзов атындагы №18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектебинин ата-энелер чогулушу

## Протокол №2

**10-ноябрь 2022-жыл** **Токтоян айылы**

**Чогулуштун темасы: Балдардын келечекке туура тарбия алуусу жана мыкты инсан болуп калыптануусу үчүн илим,билим жана туура тарбия берүү зарылдыгы.**

**Каралуучу маселелер:**

1. **«Туура тарбия жана билим берүү зарылдыгы» Администрациянын билдирүүсү.**
2. **Олимпиадага даярдык көрүүнүн абалы.**
3. **1-чейректин жыйынтыгы.**
4. **Ар кандай маселелер.**

**Угулду:**

*Ата –энелер чогулушун мектеп директору Э.Муканбетова ачып,төмөндөгүлөргө токтолду:Урматуу ата-энелер! Балдарыбыздын келечекте туура багыт алуусу жана жана мыкты инсан болуп калыптануусу үчүн ата-эне жана мугалимдин ортосунда тынымсыз,системалуу иш жүргүзүлүшү зарыл.Тарбия-бул инсандын адебин жакшыртып ага жашоодогу эң керектүү адамкерчиликтүү сапаттарга үйрөтөт.Илим-бул адам баласынын аң-сезимин өстүрүпаркандай кесип ээси болгонго жана бул жашоодо башкалардан кем болбой өз оокатын таап жегенге мүмкүнчүлүк берет.Айрым ата-энелерге “Балаңызга кандай тарбия берип жатасыз?”-деген суроо узатылып калса,”мен баламды эч нерседен кем кылган жокмун,курсагы ток,кийими бүтүн,үстүндө үйү жана астында машинасы бар” деген жоопту угуп келебиз.Бирок биз балдарыбызга жашоодогу муктаждыктарын чечип берип,тарбия берүүнү унутта калтырабыз деп жана башка олуттуу маселелерди ортого салды.Бул талкууга ата-энелер активдүү катышуу менен өз ойлорун ортого салышты.Балдарынын сабактарына байма –бай катышып туруу маанилүү экендигин айтышты.*

*2. Предметтик мугалимдер олимпиадага даярдык көрүүдөгү жетишкендиктер жана көйгөйлөрдү ортого салышты.Окуучуларды сабактан сырткаркы убакта кошумча даярдоого үзгүлтүксүз жиберип турууларын эскертишти.Себеби айылда айыл- чарба жумуштары менен көп алагды болушат.*

*3. Ар бир класс жетекчи өз класстары боюнча ,ар бир окуучуга токтолуп кеңири маалымат беришти.1-4-класстар боюнча эң жакшы окугандар-5,жакшы окугандар-18. 5-9-класстар боюнча эң жакшы окугандар -4,жакшы окугандар -47. 10-11-класстар боюнча эң жакшы окуган-1, жакшы окуган -9 окуучу болду.Жалпы билим сапаты -32,2% ды түздү.Бул көрсөткүчтүн үстүндө иштөө керектиги ачык айтылып,системалуу иш талып баруу боюнча сунуш-пикирлер айтылып,колдоого алынды.*

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу чечим кылат:**

1.Билимдин жана тарбиянын сапатын жогорулатуу үчүн ата-эне жана мектеп ортосундагы байланышты бекемдөө максатындагы иш чаралар системалуу өтүлсүн;

2.олимпиада боюнча жогорку көрсөткүчтөргө жетүү максатында Ата-эне –окуучу-мугалим үчилтигинин системалуу иш алып барылсын;

3. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча окуу-тарбия иштери канааттандырарлык деп табылсын.